Сооронбаева Ч.

*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

# К. ЖУСУПОВДУН АҢГЕМЕСИНДЕГИ КӨРКӨМ ЛИРИКАЛУУЛУК

Кыргыз прозасындагы лирикалык тенденциянын жаңы багыты 60-жылдардагы адабияттагы өзгөчө агымдын авторлоруна таандык. Лирикалык чыгармалардын айрыкча баса белгилей кетүүчү жагдайы - сүрөткер өзүнүн ички рухий дүйнөсүн лирикалык жана этикалык мүнөздө ширелиштирип, эмоциялык абалда сүрөттөп берет. Ошол эле лирикалык прозадагы өзгөчө мүнөзгө ээ болгон лирикалык каармандын ой-толгоолорун көркөмдүк бийик деңгээлде чагылдыруу да зарыл болгон. Кыргыз аңгемесинин тематикалык-стилдик жактан байышынын себептеринин бири – каармандын ички дүйнөсүнүн жаңы ачылыштары, социалдык жана адептик мазмундун бүтүндүгү болуп саналат. Адабиятка жаңы кошулган муундар өздөрү баштарынан кечирген турмуштун курч проблемаларына кайрылып, ага көркөмдүк түс берип, жан дүйнө диалектикасы болгон психологизмди колдоно башташкан. «На наших глазах происходит расширение зоны эстетического исследования личности, и особенно это характерно для прозы» - деп Е.Сидоров белгилегендей, а ушул кездеги проза интенсивдүү өсүшү менен замандаштын бай турпатын ар тараптан ачуу актуалдуу болгон. Мунун себеби эмнеде? Албетте, буга жооп берүүдөн мурун, ал учурдагы коомдук-саясий шарттын өзгөрүшү, жаңы заманга жаңы адамдын келиши менен шартталганын белгилесек болот. Жалпы советтик адабияттагы чыгармачылык демилгени көтөрүү, өркүндөтүү иши алдыга коюлат. Айрыкча интеллектуалдык жана философиялык туюмдарды терең байкап, сиңирүү ошого жараша каарман да социалдык жактан жандуу, ыкчам жана активдүү ролго өтөт. Мындан тышкары лиризмде жазуучулардын жашоо - турмушка болгон мамилесин жылуу маанайда чагылдыруу мүмкүнчүлүгү берилген. Жазылган чыгарманын жалпы сюжети сырткы жашоо менен канчалык деңгээлде байланышта болсо, ички дүйнөсүнүн масштабын да ачуу тапшырмасы турган. Сүрөттөлүп жаткан обьект жазуучуга жакындан терең тааныш. Чындыгында ал өзү жашап өткөн балалык өспүрүм доору, жаштык чагы, аралашып жүргөн жай турмуш шарданы эле. Бул сыяктуу чыгармалардын катарына А.Жакыпбековдун, М.Гапаровдун, М.Байжиевдин, С.Жетимишевдин, К.Жусуповдун аңгемелерин кошууга болот. Этикалык тенденциясы жагынан К.Жусупов улам жаңы чыгармаарын жаратуу менен калеми такшалып, лиризм багытынын жолун өз чыгармачылыгында ача алган. Адамдын ой толгоолору, курч драматизмдер, пейзаждык көркөмдөө, психологиялык абал өнүгүштөрү акырындап өз ордун таап, аңгеме спецификасын өздөштүрөт. Лиризм жаатында жазуучу романтикалуу, кыска, так сүйлөмдөр менен бүтүндөй ойду түшүндүрүп, философиялык толгонууга дуушар кылат. Лирикалык чыгармалар монологикалуу болуп, биринчи жак «мен» тарабынан баяндалган формага ээ. Каармандын «мен» деп баяндап берүүсү, «это «Я» - основа мировоззрения, стиля, красок и души его», демек ал «оно определяет ценность писателя для народа и времени» дегендей, чыныгы турмуш картинасын сүрөттөп, лирикалык ыргак менен каармандардын психологиялык ал-абалын, өз ара мамилелерин

чагылдырууда авторлор адамдын жандүйнөсүн ачып изилдөөгө багыт алышкан. К.Жусуповдун «Эски башкарма» аттуу аңгемеси «Жүрөгүм менин тоолордо» чыгармалар жыйнагына киргизилген. Лирикалык прозадагы сүрөттөлүп жаткан турмуштун өзү автордун көз - карашы менен берилет. Ошондуктан лирикалык прозаны философиялык жана психологиялык аспектиде да кароо зарылдыгы келип чыгат. Аңгемеде Адам мамилелеринин татаал дүйнөсү сүрөттөлгөн. Бир күндүк окуядан кийин катаал психологиялык абал ачылып, сүрөттөлөт. Чындыкты бетке сүйлөп акниет, таза дили менен элге кызмат кылып, көп жылдар бою колхоздун башкармасы болгон Асанбекти райкомдун бюросунда денсоолугуна байланыштуу кызматынан бошотушат. Албетте, пендечилик менен бул кызматтан түшүп калуусун ар ким ар кандай түшүнөт. Бюродон чыккандан кийин Асанбек машинасын таппай калат, анткени ал кызмат абалына пайдаланган унаа эле. Самый болсо, коңшу колхоздун башкармасы Асанбек менен мамилеси сый. Бирок, бүгүн кечте ал Асанбекти айылга чогуу ала кетмек болот. Жолдо кетип бара жатышып, МТСтин короосундагы тамак иче турган жайга бурулуп калышат. Ортодо сөз учугу анча улана бербейт. Себеби ар кимиси ичинен өз алдынча дүрбөлөңгө түшүп жатышкан болот. Аңгыча ашканага автоинспектор Жайлообаев келип, булардын көңүлдөрүн алагды кылып, өзүнүн кекээрдүү сөзүн баш-тайт. Түз эле Асанбектин башкармалыктан түшүп калганына чабуул коет.

«Асанбек аксакал башкармадан түшпөчүдөй болуп жүрчү эле.

Аа... ойрон ушинтмек» -деди Самый башын көтөрбөй, тамагын жута албай дымып калды. - Ал менин энчиме басып берген кызмат эмес, - деди далайдан бери дулдуюп отурган Асанбек, - бүгүн мен түшсөм, эртең сен болосуң, эртең сен түшсөң, андан кийин дагы бирөө болот» (50-б). Мына ушул диалогдон көрүнүп тургандай, ар бир каармандын канчалык деңгээлдеги адамгерчиликтүү экендиги билинет жана адептик аспект белгилүү даражада ачылат. Уба-гында Жайлообаев Асанбектен козу, тактай сураганында анын сөзү боюнча «томсортуп койгон». Мын-дай табалап шылдыңдоого Самый, Кемел, Асанбек өзү да үн катышпайт. Чынында азыр алардын Жайлообаев менен акыйлашып отургулары келишкен жок. Автор ушул эпизоддорду жаратууда ар бир каармандын ички дүйнөсүндөгү карама-каршылыктарды кылдаттык менен сүрөттөгөн. Эгерде Жайлоо-баевге Асанбек каяша айтканында ал өзүнүн адамдык таза абийирине шек келтирип алмак. Таза жашап жүргөн Адам ошол өз абийирин таза тута алды. Ашканадан чыккан соң эч ким үн катпай, ойго чөмүлүшкөн Жайлообаевдин табалуу сөздөрүнөн улам. Самый да ичинен: «Эртең кызматтан түшсөм бирөөлөр мага да ушинтишет, кечээ эле Асанбек Арпачиевден мыкты башкарма жок эле. Көп жыл иштеген, планы дайыма толгон неме эмес беле. Бүгүнкү күнү минтип чыгышабы?! Адамдардын ичтери күйөт экен го. Болбосо анын кайсы ырыскысын тартып алды? Мага да эртең бирөөлөр ушинтишеби?» (50-б). Дүрбөлөңдүү мындай ойго тунган Самыйдын психологиясы окурманга ачыла баштайт. Аңгемеде социал-дык-психологиялык проблемалар-дан адеп-ахлактык проблема келип чыгат. Ичинен күйүп, сыртынан анча билинбеген Асанбек бүгүн сырын төгөт. Тоо боорунда, көк чөп үстүндө арак ичип, ичтери жылыган соң капалыгын Асанбек чындап айтат. Бул таарыныч ичкиликтин айынан эмес, көптөн бери кайнап бышып келе жаткан таарынычы эле. Ал кызматынан түшүп калганына ичи күйүп эмес,

келечектеги колхоздун ишин сүрөп кете турган, чыгаан башкарма эмес, акчага, бийликке кызыккан жаштардын келиши кейитет. Асанбектеги билим накта турмуш билими, жашоо мектеби экенин өзү да далилдеп берет. «Макул менде билим болбосун!... Менде турмуш, жашоо деген бар эмеспи. Менин колум менен колхоз курулду, биринчи там салбадымбы!... Кулак дегенди жой-бодумбу!... Басмачы дегенди талка-лабадымбы!... Боомго темир жолун салып келбедимби!... А, немисчи?! Биз болбосок эмне болот эле!... Канча жерден жарадар болдук... Ошонун залдарынан минтип кызматтан бошоп атам» (53-б). Ымандай сырын төгүп, автор Асанбектин мүнөзү жөнөкөй экендигин белгилейт. Анда карасанатайлык, наамга, кызматка, жадагалса өкмөт тарабынан бериле турган пенсиядан да баш тартат. «Мен эки ооз эле кагаз чийсем, пенсия дегенди беришет... Антпей эле койдум, аны кулжуңдаган бөлөк бирөөгө беришсин, кереги жок мага...» (53-б). Өмүр бою колхоздун пайдубалын түптөп, көтөргөн башкарма, аягында: «Өмүрүмдө арамдык жасабадым, ушуга ыраазымын... Бирөөлөргө тилим тийген чыгар, бирөөлөр мага жаман айткандыр, анын баарын эстеп, кек сактамак белем... Коомдук жумушта, өйдө-ылдый боло берет эмеспи!» (53-б). Ушул монологдун өзүндө эле каармандын бүтүндөй өмүрү, эмгеги, ийгилиги, бардыгы бир чийинде сызылып өттү. Ызаалык ичине батып турса да, машинасын бюро бүтөөрү менен айдап кеткен жаңы башкарманы күнөөлөбөйт, дагы деле эл деп сүйлөй берет. Каармандын жеке дүйнөсү тарыхый окуяларга да жык толгон, чыныгы адамгерчилик жүзүн акыркы монологу ачып, анын жеке турмушундагы, түшүнбөстүк дагы бир жолу урулган сокку болот. Аялынын салкын мамилеси Самый менен Кемелди да оңтойсуз абалга калтырат. Асанбектин сөздөрүнөн, турмушунан улам Самый да

« адамдын көңүлүн калтырбайынчы...» деген жыйынтыкка келет. Аңгеме соңунда карама-каршылыктуу бүтөт. Асанбек үчүн кызмат ордунан бошоп, үйүндөгү аялынын терс кыялы, Самыйдын да адамгерчиликтүү мамилеси бир эле адамдын айланасында өтүп, ал аркылуу ички-сырткы психология-лык абалдары ачылып берилет . Аңгемедеги экинчи пландагы каарман – өз айылынан качып, жеңил оокат издеп, шаарда кийим илгичте иштеген жаш жигит Асанбек менен Самыйдын карама-каршы мүнөзү. Бул эпизоддо кыска сүртүм менен жалкоо жаш жигит үчүн өзүн күнөөлүү сезген Самый айрыкча Асанбектин сөздөрүнөн улам адамгерчилик, өз абийирин таразалайт. Диалогко көңүл бурсак, анын арткы полотносунда адамдардын ар кыл мүнөзү менен адептери көрүнүп турат.

«... айтчы качан барасың айылга?

Барганда жарыйт белем... - деди кийим илген неме.

- Эх, жер соргур... Асанбек тетири бурулду.»

- Тетиги кийим илип соксойгон куурагыр турбайбы?! Биздин айылдан. Мындан эки жыл мурда чалгыга чык десек, кашайып тил албайт. Тилдеп койдум болду, балээсине калыпмын, өйдө-ылдый айтканга муюбай, шаарга кетип калбаспы!? Тапкан, жазган кызматы мобу...Мына бу жаманатты эмей эмне! Сенден начар башкарма жок болуп чыга келесиң ушундайлар үчүн» (53-б). Самыйдын бул өкүнүчү анын гана жеке өкүнүчү эмес, ал жалпы коомду ойго сала турган өкүнүч. Жаштардын бардыгы айыл турмушунан качып, күнүмдүк тамак, тамеки үчүн жеңил ишке өтүп жүрүшсө, негизги чарба күчүн

ким иштейт? Анча деле маани берилбеген образ, эпизод өтө ойлонто турган маселени камтып турат. Асанбек эч качан мындай жеңил иш менен келише албайт, анткени ал чыныгы элдик адам, канын-жанын, жүрөгүн, дилин коомго, элге, жерге арнап келген. Аңгеме лирикалуу ыргакта жазылган, үстүрт гана сүрөттөлүп өткөн түнкү асман ай, жылдыздар, мээлүүн жел, тоо бели бардыгы ашыкча сөз менен жазылбаган. «Ушуга камалып келатып дүйнө кереметин көрбөптүрбүз, ээ?! Самый ичтен кейиди» (53-б). Ушул бир сүйлөм менен пейзаждык сүрөт-төөнүн өзгөчөлүгүн түшүнө алабыз. Автор каармандардын ар кыл мүнөзүн, келбеттерин чар жайыт эмес, бир гана кейипкердин айланасында топтоп, чыгармага өзгөчө эмоционалдуу түзүлүштү таба алган. Лиризм менен коомдун актуалдуу маселесин да параллель койгон. Автордун жандүйнөсүнүн жана романтикалуулугу чыгармада билинбеген маанайда өз ордун ээлеген. Чыгарманын борборундагы каарман ал ким жана автор ага кандайча мамиле жасайт деген суроо берсек, анда жеке адам менен коомдун кызыкчылыгынын ортосундагы курч кагылышты көрөбүз. Турмуш казанында кайнаган эрктүү инсандын өкүтү, ички мүнөзү эми толугу менен ачылды. Ал патриот, адептүү, абийирдүү, Мекен үчүн дайым даяр турат. Андагы бийиктик − анын абийирин жана Адамгерчилик мүнөзүн таштабай таза бойдон сактап калышы, оптимисттик маанайды түшүндүрөт. Автор аңгемедеги каармандарды туура тандаган. Лирикалык аңгеменин табиятына таандык каармандын маанайына, эмоциясынын козголушуна ылайык, баяндоодогу ыргактын өзгөрүп, интонациясынын чыңалышы сүрөттөөлөрдө ыктуу колдонулган. Улам бир баяндоодон кийин бири экинчисин ээрчитип, чыгарма жаңы кыйырга ээ болот. Аңгемеде лирикалык образ автордун жандүйнөсүнүн поэтикалык абалына туура келген. Чыгармачылыктын татаал жолунда К.Жусуповдун жараткан лирикалуу мүнөздөгү чыгармалары айрыкча көңүлгө толоорлук жана жарпты жазып, башкача бир маанай тартуулайт. Автор чыгармасында өтө ашыкча эмоцияга да алдырбайт, ар бир деталь, окуя өнүгүшү, кармандардын монолог-диалогдору, психологиялык абалдары ыктуу жайгаштырылган. Албетте, чыгарманын өзү тарбиялык зор маанини да камтып турат.

## Адабияттар

1. Сидоров Е. Вопросы литературы. - М., 1978, №4.
2. Огнев А.В. Русский советский рассказ. - М., 1978.
3. Жусупов К. Жүрөгүм менин тоолордо. − Ф., 1972.